Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
буйругуна тиркеме
«21» сентября 2021 г.
№ 1578/1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**ДАЯРДОО БАГЫТЫ: 710600 -Компьютердик лингвистика**

**Квалификациясы: МАГИСТР**

**Бишкек 2021**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн 710600 -Компьютердик лингвистика багыты боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана билим берүүнүн Окуу-усулдук бирикмеси тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети аныктаган тартипте бекитилген.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык жождор үчүн менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан милдеттүү болуп эсептелет.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар**

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасы мүчө болгон эл аралык келишимдерге ылайык колдонулат.:

- **негизги** билим берүү программасы - максаттарды, күтүдүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылы даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объектиси;
- **компетенция -** окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем;)
- **бакалавр** - магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менсн алектенүүгө укук бергеп жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- **магистр** - аспираптурага жана (же) базалык докторантурага (PhD/профили боюнча) жана кесиптик иш **МЕНЕН** алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык децгээли;
- **кредит (зачеттук бирдик)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **теңдөөчү курстар** - тиешелүү багыт (адистик) боюнча базалык билими жок студент-магистрант тарабынан биринчи окуу жылында базалык кесиптик билим алуу жана багыттар боюнча магистрлерди даярдоонун негизги билим берүүчү программаларын өздөштүрүүгө талап кылынган компетенцияларга ээ болуу үчүн өздөштүрүлүүчү дисциплина;
- **жалпы илимий компетенциялар** — кесиптик иштин бардык түрлерү (же көпчүлүгү)

үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет: окуу, талдоо жана синтез кылуу ж.б. жөндөмдүүлүк;

- **инструменталдык компетенция** — когнитивдик жөндөмдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; методологиялык жөндөм, айлаиа-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуунун стратегияларын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана проблемаларды чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр; лингвистикалык жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;
- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** - ой-сезимдерин жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- **кесиптик стандарт** — кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттуу болгон квалификациянын сапатгык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.»;

### 1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКББ - жогорку кесиптик билим берүү;

НББП - негизги билим берүү программасы;

ОМБ - окуу-методикалык бирикме;

ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;

ИК - инструменталдык компетенциялар;

КК - кесиптик компетенциялар;

СИЖМК - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

### 2. Колдонуу тармагы

Ушул жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары-ЖКББ МББС) магистрди даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйыцдысын туюндурат жана окутуу уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында бакалаврларды даярдоонун тийиштүү багыты боюнча лицензиясы бар менчигинин туру{жана ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын (мындан ары - жождор) хогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү прогр:гммаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.1.** Ушул ЖКББ МББСын **710600 - Компьютердик лингвистика** багыты боюнча негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр болуп саналат:

- жождордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн жождорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жоопту адамдар;
- жождун даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын

өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу магистранттар;

- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- аткаруу бийлигинин жана/же профессионалдык коомдук аккредитациялык агенстволорунун жогорку кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу;
- жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө сапатка көзөмөлдү жөнгө ашыруучу билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

**2.3. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар.**

**2.3.1.** "Магистр" квалифкациясын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли боюнча "бакалавр" квалифкациясы ыйгарылган же "адис" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билим.

**2.3.2.** Абитуриенттин "бакалавр" квалифкациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими же "адис" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

**3.1.** Кыргыз Республикасында **710600 - Компьютердик лингвистика** даярдоо багыты боюнча - магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП ишке ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо;
- магистрлерди даярдоо.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын тоук курсун, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны ийгиликтүү бүтүргөн бүтүрүүчүгө жогорку билими тууралуу диплом “магистр” квалификациясы менен берилет.

Магистрлерди даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НББП профилдери жож тарабынан квалификациянын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

**3.2.** Жалпы орто же кесиптик орто билимдин базасында күндүзгү окутуу формасында багыттар боюнча магистрлерди 710600 -Компьютердик лингвистика багытын даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 6 жылдан кем эмес убакытты түзөт, "бакалавр" квалифкациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билим берүү базасында - 2 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар кандай формалары айкалыштырылган учурларда "бакалавр" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билим берүү базасында магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөттөрү жож тарабынан күндүзгү окутуу формасында белгиленген ченемдик мөөнөткө карата жарым жылга көбөйтүлөт.

«Адис» квалификациясын ыйгаруу менен толук жогорку кесиптик билим берүү базасында магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөттөрү бир

жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Бакалаврларды даярдоонун ар башка багыттары жана адистиктери боюнча жогорку кесиптик билими бар абитуриенттер үчүн билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү тиешелүү багыттагы магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын базалык кесиптик билимдерин жана компетенцияларын түзүүчү тендөөчү курстарды өздөштүрүүнүн эсебинен көбөйтүлөт.

Билим алуунун формасына карабастан жеке окуу планы боюнча окутууда окуунун мөөнөтүн жож өз алдынча аныктайт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жеке окуу планы боюнча окутууда жож мөөнөттүү билим алуунун тийиштүү формасы боюнча аныкталган убакытка салыштырмалуу узартууга укуктуу.

Бакалавр жана магистрлерди даярдоо багытында ЖКББ НББПнын билим берүү программасын иштеп чыгуунун башка ченемдик шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**3.3.** Жалпы орто же кесиптик орто билимдин базасында күндүзгү окуу формасында магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 360тан кем эмес кредитти түзөт жана "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен тастыкталган жогорку кесиптик билимдин базасында 120дан кем эмес кредитти түзөт.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына эквиваленттүү (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча НББПнын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылында 48ден кем эмести кредитти түзөт.

Бүтүрүү жылынын эмгек сыйымдуулугу, НББПнын жалпы эмгек сыйымдуулугун камсыздоосуна карата аныкталат.

**3.4.** ЖКББ НББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы даярдоонун 710600 - Компьютердик лингвистика багыттары боюнча максаттары.

3.4.1. ЖКББ НББПнын окутуу жаатындагы даярдоонун 710600 -Компьютердик лингвистика багыты боюнча максаты төмөнкүлөр: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табигый илимий билимдердин негиздери жаатында даярдоо, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик жактан адистешкен, тереңдетилген кесиптик билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү универсалдуу жана предметтик-адистешкен компетенцияларга ээ болушу.

3.4.2. ЖКББ НББПнын инсанды тарбиялоо жаатындагы даярдоонун багыты боюнча максаты болуп 710600 -Компьютердик лингвистика эсептелинет:

(ЖКББ НББПнын студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу жаатындагы максаттары түзүлөт: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, алардын жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б.).

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү 710600 -Компьютердик лингвистика даярдоо багыты боюнча төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: табигый тилде маалыматтарды

берүү, кабыл алууну, кайра иштетүүнү, өзгөртүүнү, сактоону компьютердик процесстин негизинде жана математикалык ыкманын жардамы менен табигый тилди моделдөөнү жана изилдөөнү, чет тилиндерди кесиптик денгээлде колдонуу менен маалыматты иштетүү, автоматтык которуу ж.б.у.с.

Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана алынган компетенцияларьнын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына ылайык келген шартта алар кесиптик иштин башка тармактарында жана (же) чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыра алат.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш объектилери.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин багыты 710600 -Компьютердик лингвистика боюнча объектилерден болуп төмөнкүлөр эсептелишет: : табигый тилде (жана кеп(сүйлөө)) менен маалыматтарды которуу максатында, компьютердик жана математикалык моделдөөнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөө, тексте калыптанбаган түрүндө камтылган математикалык аппараттардын негизинде камтыган тил, алгебра катышы, лингвистикалык өзгөрмөлөр жана кептеги бүдөмүк көптүктөр теориясы, математикалык статистика жана маалыматтын элементтик теориясы, маданий аралык байланыштар теориясы, которуу жана котормолор, электрондук тилдик ресурстар (тилдик корпустар, компьютердик (машиналык) фонд, электрондук сөздүктөр жана маалыматтар базасы), электрондук маалыматтардын жана ар түрдүү багыттагы интелектуалдык системдердин лингвистикалык компоненттери (издөө машиналары, машыналык которуу, башкаруу жана эксперттик система) эсептелинет.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иштеринин түрлөрү:**

- Өндүрүш-практикалык;
- Уюштуруу- башкаруучулук;
- Эксперттик-аналитикалык;
- Илимий-изилдөөчүлүк;
- педагогикалык.

Негизинен магистр даярдалып жаткан кесиптик иштин конкреттүү түрлөрүн иш берүүчүлөр менен бирдикте, тийиштүү кесиптик стандарттын (эгер болсо) негизинде жогорку окуу жайы тарабынан иштелип чыгылуучу анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

**3.8.** Магистрдин 710600 - Компьютердик лингвистика даярдоо багыты боюнча кесиптик иштин тийиштүү аймагындагы жана кесиптик стандарттын (эгер болсо) негизиндеги милдеттери:

***Өндүрүштүк-практикалык ишмердүүлүк:***

- Өндүрүштүк-практикалык максатта тексттерди табигый тилде иштетүү (лингвистикалык белгилөө, глоссирлөө, аннотациялоо, реферлөө);
- Даярдалган түрдүү интеллектуалдык жана маалыматтык когнитивдик компоненттер системасын өздөштүрүү жана түзүү (тезаурустар, онтологиялар, берилиштердин базы, билим базы, парсерлер);
- Электрондук тилдик ресурстарды өздөштүрүү жана иштеп чыгуу (текстик корпустар, сөздүктөр, фонетикалык, лексикалык, терминдердин электрондук базасы);
- Оозэки, жазуу жана автоматташтырылган котормону практика жүзүндө иштеп чышаруу жана аны ишке ашыруу;
- Аралаш дисциплина менен лингвистика боюнча илимий адабияттарды чет тилинен мамлекеттик жана расмий тилге, мамлекеттик жана расмий тилден чет тилине квалификациялуу которуу

- Заманбап программа каражаттарын кадимки тил илимин иштетүүгө багыттоо;
- Лингвистикалык изилдөөлөргө маалыматтык колдоо көрсөтүү жана аны андан ары өнүктүрүү.

***Уюштуруу- башкаручулук ишмердүүлүгү:***

- Конференцияларды, семинарларды жана симпозиумдарды ар башка тилде уюштуруу;
- Өндүрүштүк жамааттынын иштерин, илимий-изилдөөлөрүн уюштурууда жетектөөчүлүк чечимдерди табуу чыгаруу;
- Колдонмо жана компьютердик лингвиститердин кесиптик ишмердүүлүктөрүндөгү долбоорду башкаруу;

***Эксперт-аналитикалык ишмердүүлүгү:***

- Билимин алып чыгуу максатында жазуу дискурсун жана оозеки түрүндө эксперттик анализ, текстин түрдүүлүгүн аныктоо, сүйлөө жана башка колдонмо максатта өздүгүн идентификациялоо;
- Маалымат майданында мониторингдин (маалыматчылар, берилиштердин базалары) негизинде аналитикалык материалдарды даярдоо;
- Ар кандай предметтик областарда системалык аналитикалык изилдөө жүргүзүү (систематизациялоо, рубрикаторлорду, классификаторлорду иштеп чыгуу, типологиялоо, моделдөө);
- Лингвистикалык соттук экспертиза жүргүзүү;
- Тилдик кырдаалга эксперттик баа берүү жана тилдик саясат чөйрөсүнө сунуштарды иштеп чыгуу;

Даярдоонун багыты боюнча бүтүрүүчү даярдала турган кесиптик иштин милдеттеринин

***Илимий-изилдөөчүлүк:***

- Изилдөө тематикасы боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрүн жүргүзүү;
- Лингвистикалык эксперимент жүргүзүү, күтүлгөн жыйынтык алуу, коюулган максатка жетүү үчүн жүргүзүлгөн эксперименттин максатын аныктоо, коюулган максатка жетүү шарттары, эксперименттерди жүзөгө ашыруу жана анын жыйынтыгын иштеп чыгуу;
- Колдонмо жана компьютердик лингвистика областында өз алдынча эксперимент жүргүзүү;
- Илимий семинарларга, илимий-тематикалык конференцияларга жана симпозиумдарга катышуу, илимий изилдөөсүндөгү жыйынтыктарды каттоо жана алып чыгуу;

***Педагогикалык ишмердүүлүк:***

- Долбоорлордун жана/же илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары нын негизинде маданий аралык байланыштарды жана актуалдуу отчетторду, презентацияларды жасоо;
- Жалпы тил илими, мамлекеттик тилди, орус тилин жана чет тилдерин окуп үйрөнүүнү пландоо жана илимий эксперимент жүргүзүү;
- Компьютердик лингвистиканы техникалык жана атайын окуу жайларында окутуу методологиясы жана биликтери менен иштөө;
- Кээ бир колдонмо сабактар боюнча усулдук колдонмолорду жана окуу усулдук куралдарын иштеп чыгуу.

## 4. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

4.1. ЖОЖдор даярдоо багыты боюнча НББПны өз алдынча иштеп чыгышат. НББП

Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү

**4.1.1.** Жождор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат жана жождун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Жождор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелип чыгуусунда;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелип чыгуусунда;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишинде (стратегиясында) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукка өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын базасы жож тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестциялоого, бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар жождун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен аныкталат.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-ишмердүүлүк мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүп мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ жождун социо-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Жож окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын . ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

**4.1.4.** Жождун НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны түзүүсү керек. Студенттин каалоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин Жождун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

**4.1.5.** Жож студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу

мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** Жож НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2.** Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар.

**4.2.1.** Студенттер студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НББПда алдын ала каралган конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

**4.2.2.** Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө дисциплинаны тандоо боюнча жождо консультация алуу жана алардын даярдоонун (адистештирүүнүн) болочок профилине таасир этүү укугуна ээ.

**4.2.3.** НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдун ишине катышууга милдеттүү.

**4.2.4.** Студенттер жождун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 54 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын эсепке алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызды түзөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

**4.4.** Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү студентке жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

**4.5.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7 жумадан кем эмес болушу керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес жана дипломдон кийинки 4 жумалык өргүү.

## 5. Магистрлерди даярдоонун НББПсынын талаптары

**5.1**. Магистрлерди даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлуучу талаптар.

Даярдоонун **710600 -Компьютердик лингвистика** багыты боюнча бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ушул ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.4. жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек:

***а) универсалдык: жалпы илимий (ЖИК):***

- Граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өркүндөтүүгө багытталган, стратегиялык маселелерди талдап жана аларды чечүүгө, коомдук акыйкаттуулукту камсыз кылууга, дүйнө көз-караштырын, коомдук жана жеке маанидеги маселелерди сабактар аралык жана жаңычыл агымдар менен чечүүгө жөндөмдүү (ЖИК-1);

- ***инструменталдык (ИК):***

- кесипкөй баарлашууну атайын/бардык чөйрөдө бир чет тилинде алып бара и башкара алат. (ИК-1);
- Маалыматтык технологияларды жана чоң көлөмдөгү маалыматтарды колдонуп, заманбап жана  илимий изилдөө иштеринде жаңы билимдерди өздөштүрүүгө жөндөмдүү (ИК-2);

- ***социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):***

- Максаттарга жетүү үчүн эксперттик/кесипкөй топтун иш-аракетин уюштурууга жөндөмдүү (СЖМ-1).

***б) кесиптик (КК):***

***Өндүрүштүк-практикалык ишмердүүлүк:***

Табыгый тилди автоматтык түрдө иштетүү системасынын лингвистикалык компоненттерин иштеп чыгуу (оозеки тилди түшүнүү жана синтездөө, тексти генерациалоо, контент анализ автоматтык котоpуу, автоматтык референттөө жана аннотациалоо) мындан тышкары интелектуалдык системаны (суроо-жооп, эксперттик ) иштетүү жөндөмдүүлүгү  (КК-1);

Лингвистикалык билимди формалдаштырууда математикалык негиздерди жана анализдөө процедурасын жана грамматиканын теориясын жана лингвистикалык структураны синтездөөдө колдоно билүү (КК-2);

Илимий-изилдөө иштеринин методологиясын жана биликтерин колдонгууга жөндөмдүү (КК-3);

***Уюштуруу-башкаруучулук ишмердүүлүк:***

Долбоорлоо жана изилдөө иштерин уюштуруу билимине жана  артыкчылыгына ээ б;(КК-4);

Уюштуруу башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жана алардын жыйынтыктарын баалоого, комплекстүү ишмердүүлүктүн пландарын иштеп чыгууга жөндөмдүү болуу (КК-5);

Маданият аралык байланышка жөндөмдүү болуу, котоpуу жана академиялык жана кесиптик коомдун, керектөөчүлөрдүн, заказчиктердин чөйрөсүндөгү изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча презентацияларды жасоо (КК-6);

***Эксперттик -аналитикалык ишмердүүлүк***

Лингвистикалык экспертиза жана тилдик саясат чөйрөсүндө эксперттик баалоого жана сунуштарды иштеп чыгууга жөндөмдүү (КК-7)

Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк:

- Лингвистика жана маалыматтар технологиясы багытындагы конкреттүү илимий маселелерди чечүү ыкмаларын жана теориялык жактан оптималдуу ыкмаларды тандоо жөндөмдүүлүгү (КК-8);
- Электрондук тилдик ресурстардын компоненттерин түзүү жөндөмдүүлүгү: корпустук тексттер оозеки кептеги корпустар мульти модалдык корпустар ар түрдүү типтеги электрондук сөздүктөр фонетикалык, грамматикалык, лексикалык, терминологиялык берилиштердин базасы жана ал ресурстарды колдонуу жөндөмдүүлүгү (КК-9);
- Табыгый тилди автоматтык түрдө иштетүү системасынын лингвистикалык компоненттерин иштеп чыгуу (оозеки тилди түшүнүү жана синтездөө, текстти генерациалоо, контент анализ автоматтык котоpуу, автоматтык референттөө жана

аннотациялоо), мындан тышкары интеллектуалдык системаны (суроо-жооп, эксперттик) иштетүү жөндөмдүүлүгү; Лингвистикалык процессорлорду иштетүү жөндөмдүүлүгү (КК-10);

***Педагогикалык ишмердүүлүк:***

• Кесиптик компетенциялардын чегинде компьютердик жана колдонмо лингвистиканы окутуу жана аларды долбоорлордго катышууга, маалыматтык кызмат көрсөтүүнү, маалыматтык жана инфокоммуникациялык технологияларында колдонууга жөндөмдүү (КК-11);

• Техникалык жана профилдүү жождордо чет тилдерин окутуу билигин жана методологиясын колдоно билүү (КК-12).

Профиль атайын 5тен кем эмес кошумча кесиптик компетенциялар менен жож тарабынан өз алдынча аныкталат.

• Компетенциялардын тизмеги улуттук квалификациянын алкагында квалификациянын жана кесиптик стацдарттын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

**5.2.** Магистрлерди даярдоонун НББПсынын түзүмүнө талаптар.

Магистрлерди даярдоонун НББПнын түзүмү төмөнкүдөй блокторду камтыйт:

1-блок "Дисциплиналар"

2-блок "Практика"

3-блок "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация".

КРдин ББжИМ тарабынан сунушталган жана КР Министлер кабинети тарабынан бекитилген НББПсынын түзүмү 1-таблицада келтирилген.

**КРдин ББжИМ тарабынан сунушталган жана КР Министлер кабинети тарабынан бекитилген НББПнын түзүмү** 1-Таблица

| **Магистрлерди даярдоодогу НББПнын түзүмү** | | **Магистрлерди даярдоодогу НББПнын көлөмү жана анын блокторунун кредиттердеги көлөмү** |
|---|---|---|
| 1-Блок | Дисциплиналар (модулдар)<br>1.1. Жалпы илимий цикл<br>1.2. Кесиптик цикл | 60-90 |
| 2-Блок | Практика | 20-40 |
| 3-Блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-20 |
| **Магистрлерди даярдоодогу НББПнын жалпы көлөмү** | | 120 |

Жож мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык адистик боюнча НББПны иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын магистрлерди даярдоодогу НББПнын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун жож улуттук квалификациянын алкагында каралган окутууунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

**5.2.1.** «Практика» 2-блогу окуу практикасын (тааныштыруу, технологиялык, илимий-изилдөө иштери) жана өндүрүштүк (долбоордук, педагогикалык, илимий-изилдөө

иштери) практиканы камтыйт.

Жож бир же бир рече типтеги практиканы тандоого укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде кошумча типтеги практиканы белгилей алышат.

**5.2.2.** «Мамлекеттик аттестация» 3-блогу мамлекеттик экзаменди тапшырууга даярдыкты жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана аны жактоону (жож бүтүрүүчү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген учурда) камтыйт.

**5.2.3.** Магистрлерди даярдоодогу НББПнын алкагында милдеттүү жана элективдүү бөлүк болот.

Магистрлерди даярдоодогу НББПнын милдеттүү бөлүгүнө жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-инсандык жана жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуучу дисциплиналар жана практикалар кирет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда милдеттүү бөлүктүн көлөмү магистрлерди даярдоодогу НББПнын жалпы көлөмүнүн 50%нан ашпоого тийиш.

Магистрлерди даярдоодогу НББПнын элективдүү бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналапды тандай алышат, ошондой эле башка багыттагы магистрлерди даярдоодогу НББПнын дисциплиналарын тандоого жол берилет.

**5.2.4.** ЖОЖдор ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) магистрлерди даярдоодогу НББП боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш, анда алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчүлүгү, жеке мүмкүнчүлүктөрү эске алынат жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун түзөтүүнү жана социалдык көнүгүүсүн камсыз кылат;

**5.3. Магистрлерди даярдоонун НББПсын ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар.**

**5.3.1. Окуу процессии кадрдык камсыз кылуу.**

Магистрлерди даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашыруу квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек, мында илимдин кандидаты же доктору окумуштуулук даражасы бар окутуучулар тарабынан берилген дисциплиналардын, лекциялардын үлүшү дисциплиналардын жалпы санынын 60 пайызын түзүшү керек (лицензиялык талап).

Магистрдик программанын илимий мазмуну жана билим берүүчү бөлүгүнун жалпы жетекчилигин профессор же илимдин доктору жүзөгө ашырышы керек; бир профессор же илимдин доктору мындай жетекчиликти эки магистрдик программанын алкагында жүзөгө ашыра алат; жождун окумуштуулар кеңешинин чечими менен магистрдик программага жетекчиликти доценттик наамы бар илимдин кандидаты да жүзөгө ашыруусу толук ыктымал.

Студент-магистрантка түздөн-түз жетекчиликти окумуштуулук даражасы жана илимий наамы же бул жагынан жетекчилик кылуу тажрыйбасы бар (кеминде 5 жылдык тажрыйбасы бар)илимий жетекчилер жүзөгө ашырышат, бир илимий жетекчи 5тен кем эмес студент-магистрантка жетекчилик кыла алат (муну жождун окумуштуулар кеңеши аныктайт).

**5.3.2. Окуу процессии окуу-методикалык жана маалыматтык камсыз кылуу.**

Магистрларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын (модулдарынын) толук тизмеси боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорго жол алуусу

менен камсыз кылынуусу керек.

Студенттер үчүн ата мекендик жана чет өлкөлүк жождор, ишканалар жана мекемелер менен оперативдүү маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынуусу керек.

Жождун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтуусу зарыл.

Библиотекалык фонддун комплекттерине мүмкүндүк алуу үчүн, төмөнкү тизмедеги ата мекендик аталыштардын 10 дон кем эмесине, чет өлкөлүк журналдардын аталыштарынын 5тен кем эмесине камсыз кылынганышы керек.

- Н.Исанов атындагы КМКТАУнин Жарчысы

  Илим жана жацы технологиялар / Республикалык илимий теоретикалык журнал

- Кыргыз Республикасынын УИА Интернет журналы

  Кыргыз Республикасынын илимдер академиясынын кабардамасы физика-техникалык, математикалык жана тоо-геологиялык илимдери сериясы

- Ж.Баласагын атындагы КУУжарчысы
- И.Раззаков атындагы КТУ жарчысы
- К.Карасаев атындагы БМУ жарчысы
- Кыргыз Республикасынын Президетинин астындагы башкаруу академиясы жарчысы
- Б.Н.Ельцин атындагы кыргыз-орус Славян университетин жарчысы
- И.Арабаев атындагы КМПУ жарчысы «Компьютердик жана маалыматтар технологиялар жарчысы» илимий-техникалык жана өндүрүштүк журнал ISSN 1810-7206 УМТАУ жарчысы серия: эсептөө техникасы жана информатика
- Абай атындагы КазУПУ хабаршысы
- Л.Н. Гумилев атындагы ЕУУ жарчысы

К.И. Сатпаев атындагы Казак улуттук техникалык университетинин жарчысы

- Алб-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин жарчысы / Серия математика, механика, информатика
- Өзбекстан улуттук университетинин жарчысы
- «Маалымат байланыш: Сеттер-технологиялар - чыгарылыштар» журналы
- ApprentissagedesLanguesetSystemesd'InformationetdeCommunication Current Issues in Language & Society
- Linguistic Discovery
- Teaching English with Technology: A Joumalfor Teachersof English
- TESL-EJ: Teaching Englishas a Secondor Foreign Language

### 5.3.3. Окуу процесси материалдык-техникалык жактан камсыздоо.

Магистрди даярдоодогу НББПга төмөнкүлөрдү ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоонун тизмеси:

- практикалык жана лабораториялык сабактарды өткөрүү үчүн окуу кабинеттерин, компьютердик класстарды, объекттерди жабдууга талаптар;
- технологиялык лабораториялар, студиялар;
- маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларга жана тиешелүү технологиялык каражаттарга талаптар;
- зарыл болгон учурда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү окуп жаткандардын билим алышы үчүн атайын шарттар;

- чет тилдеринин практикалык курсу боюнча сабакты жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу жана маданий баарлашуу боюнча практикалоо үчүн лингафондук кабинеттер менен камсыздоо;

- Магистрди даярдоодогу НББПны жүзөгө ашыруучу ЖОЖ, лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплинардык аралык даярдоонун бардык түрлөрүн, студенттердин практикалык жана илим-изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек. Учурдагы санитардык жана өрткө каршы эрежелерине жана ченемдерине же магистрлерди натыйжалуу илимий-практикалык даярдыгын камсыз кылуу үчүн база катары каралган илим-изилдөө институттары, ишканалары менен туруктуу байланыштарына ылайык келүүсү ЖОЖдун окуу планында каралат.

- **5.3.4 Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо**

Магистрлерди даярдоодогу НББПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо студенттердин жетишүүсүнүн учурдагы көзөмөлүн, аралык аттестациясын жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын камтышы керек.

Ар бир сабак боюнча билиминин учурдук жана аралык көзөмөлүнүн конкреттүү формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана тийиштүү сабактар боюнча окутуунун биринчи айында магистрантка маалымдалат.

Магистранттардын жеке жетишкендиктериин тийиштүү НББПнын этаптык талаптарына шайкеш келүүсүн аттестациялоо (учурдагы жана аралык аттестациясы) үчүн билимин, билүүсүн жана өздөштүргөн компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, сыноо иштерин, тесттерди жана текшерүү ыкмаларын камтыган баалоо каражаттарынын фонддору ЖОЖдо иштелип чыгат жана бекитилет.

- Магистранттардын компетенцияларын баалоо жана көзөмөлдөө системасынын келечектеги кесиптик ишмерлүүлүгүнүн шарттарына максималдуу жакындашуусу үчүн ЖОЖ тарабынан щарттар түзүлүшү керек. Бул максатта, тышкы серепчилер катарындагы конкреттүү сабактын окутуучуларынан башка, жумуш берүүчүлөр (кызыктар уюмдардын өкүлдөрү), тектеш сабактарды окуган окутуучулар жана башкалар активдүү пайдаланылышы керек.

- Студенттерге, жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүнө, жалпысынан окуу процессинин мазмунун, уюштуруусун жана сапатын, ошондой эле айрым окутуучулардын иштерин баалоо мүмкүндүгү берилиши керек.

- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация ЖКББ МББС менен бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдоо деңгээлинин шайкеш келүүсүн аныктоого багытталган.

- Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мамлекеттик экзамендерге даярданууну жана аларды тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишин (магистрдик диссертацияны) аткарууну жана коргоону камтыйт (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишин мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын курамына киргизилсе).

- Бүтүрүүчү квалификациялык иштин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына болгон талаптар, НББПнын профилин эске алуу менен, колдонуудагы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү Жобонун жана ушул ЖКББ МББСнын негизинде аныкталат.

710600 - **Компьютердик лингвистика** багытындагы мамлекеттик стандарт негизги жож Н.Исанов атындагы Курулуш, транспорт жана архитектура университетинин (КМКТАУ) курулуш жана архитектуралык билим берүү багытындагы окуу методикалык бирикменин негизинде иштелип чыкты.

| | |
|---|---|
| **ОУБнун төрагасы**<br>Н. Исанов атындагы КМКТАУнун<br>биринчи проректору т.и.к., доцент | Саткыналиев Т.Т. |
| Секциянын жетекчиси, “Компьютердик<br>лингвистика жана маданият аралык коммуникация”<br>кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент КМКТАУ | Жумалиева Г.Э. |
| Ч.Айтматов атындагы Тил илими<br>жана адабияты институтунун директору | Акматалиева А.А. |
| ф.и.к., “Компьютердик лингвистика<br>жана маданият аралык коммуникация”<br>кафедрасынын доценти | Карабаева С.Ж. |

**КРдин ББжИМ тарабынан сунушталган 71600 –Компьютердик лингвистика багытынын НББПсынын түзүмү** 1-Тиркеме

| НББ ГОЦ коду | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн долбоорлонгон натыйжалары | Эмгек сыйымдуулугу (зачеттук бирдиктер) | Жакындатылган программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн берилген дисциплиналар-дын тизмеси | Түзүлүүчү компоненттердин код-дору |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| Б.1 | Жалпы илимий цикл | 20-30 | | |
| | Милдеттүү бөлүмү | 10-20 | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн жыйынтыгында студент билүүгө тийиш:<br>Билүү: Лингвистика багытында философиянын негизги концепциянын мазмунун, терең өздөштүрүү жана түшүнүү; гуманитардык жана табигый илимдердин системасындагы лингвистиканын орду; башка илимдер менен байланышы; адамдын жөндөмдүүлүгүн (когнетивдик) окуп үйрөнүүдөгү анын ролу;<br>-лингвистика багытындагы заманбап илимий парадигмалар жана динамикалык өнүгүүс; лингвистикалык изилдөөлөрдөгү методологиялык ыкмалар жана методологиялык принциптер;<br>- таанып билүүнүн илимий негиздери; илимий проблемаларды программдык максаттык ыкмалардын негизде чечүү; логикалык методдор жана ар түрдүү предметтердин багытында илимий изилдөөлөрдү кабылдоо, табигый жана инженердик илимий изилдөөлөрдүн негизги типтери.<br>-тилдин грамматикалык түзүлүшү, ишкердик баарлашуусуна мүнөздүү | | Илимдин жана техниканын философиялык көйгөйлөрү<br><br>ЖОЖдогу педагогика<br><br>Кесиптик чет тили<br><br>Компьютердик лингвистикадагы изилдөөнүн методологиясы жана методдору | ЖИК-1,2,5 СИЖМК-3,4<br><br>ЖИК-1,2,5 СИЖМК-1,3,4 КК-13,14<br><br>ИК-1,2,4 ИК-2,3,4 КК-3,6<br><br>КК-10,13,15 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | оозеки жана жазуу формалары, конструкциялары; жалпы техникалык жана кесиптик терминдер:<br>**Билүү:**<br>өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүү жана өркүндөтүү, профилдик ишкердүүлүгүнүн өзгөрүшүнө адаптациялануу;<br>-кесиптик ишкердик чөйрөсүнө лингвистика боюнча фундаменталдык билимин колдонуу; дүйнө таануу багытын жана заманбап методологиялык концепциянын когнитивдик потенциалын аныктоо, илимий таанып билүү аракеттерине ой-жүгүрүүнун теоретикалык формасынын функционалдык өзгөчөлүгүн өнүктүрүү<br>-логиканын ыкмаларын жана мыйзамдарын илимий дискуссияда жана күнүмдүк баарлашууда аргументтештирүү максатында колдонуу;<br>-илимий мүнөздө чет элдик адабияттар менен<br><br>иштөө көркөм окуу жөнөмдүүлүгүн көрсөтүү<br><br>менен баарлашуу жана кесиптик темада<br><br>баарлашуу, ишкердик багытта кат алышуу,<br><br>реферат,докладдарды, отчетторду даярдай<br><br>**билүү**<br>Үйрөнүү:<br>- илимий агымдагы жана философиялык кеп өлчөмдүү баа, алдын ала алынбаган көндүм; коомдогу калыптанган ситуацияларды философиялык методологиялык анализ | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жүргүзүү, критикалык ой-жүгүртө билүүсү жана маалыматтарды систематизациялоосу,илимий изилдөөлөрдү пландоо жана керектүүлүгүн баалоо көндүмдөрү; көндүмдөрдү кесиптик лексикада жана терминалогияда, дискурс тажырыйбасында жана кесиптик кат жазышууда колдонуу; жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизинде доклад жасоого жана тезис даярдоого колдонуу;<br>баарлашууда жана тилдин ар түрдүү аспектилерин окуп үйрөнүүдө илимий таанып билүү методологиясын негиздери | | | |
| | **Элективдүү бөлүм**<br>(билимдер, жөндөмдүүлүк, көндүмдөр ЖОЖдун НББПси менен аныкташат) | 16-20 | ЖОЖ аныктайт | |
| Б.1 | Кесиптик цикл | 50-70 | | |
| | Милдеттүү бөлүмү: | 20-30 | | |
| | Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында бакалавр:<br>Билүү:<br>Лингвистиканын өнүгүү этаптары, негизги илимий лингвистикалык мектептер жана алардын жетишкендиктери, лингвистика багытындагы негизги илимий парадигмалар, заманбап лингвистикалык изилдөөлөрдөгү актуалдуу проблемалар жана аларды чечүүдөгү сунушталган жолдор, кадимки тилди автоматтык түрдө иштетүү жаңыча багыты жана жаңы маалыматтар технологиясын ар түрдүү багыттагы лингвистин кесиптик ишмердигинде колдоно билүү;<br>жалпы илимий жана кесиптик терминологиялар менен бирге чет тилдеринин илимий каттоосу;<br>кадимки тилдеги сөз жасоо жана сөз өзгөртүү негизги моделдери, башкаруу моделдери, фразалык түзүлүшү, семантикалык жана синтаксистикалык | | Компьютердик лексикография<br>Лингвистикалык программалоо<br>Текстти берүүдөгү гипертекст технологиялары<br><br>Илимий байланыштардын чет тили | ПК-1, 7,11<br><br>КК-1, 11,12, 14<br><br>КК-2,4,6<br><br>КК-4,9,10, 13 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | теориялары; маалыматтарды издөө алгоритмдери жана негизги моделдери, кластеризациялоо, машиналык окуунун негизги принциптери, маалыматтар теориясын жана байсевдин статистикасы менен бирге рубрикациялоо жана берилиштерди сактоонун калыпташтыруу, машиналык окутуунун алгоритимдери жана негизги методдору баесовдун классификациясы менен кошо , жакынкы кошуналар методу, опордук векторлор, графтар методу, нейрондук сеттер ж.б. машиналык окууда эсептөө эксперименттерин уюштуруу принциптери; функционалдык программалоонун теориялык негизи, анын рекурсивдик функциялар менен байланышы; Хиндли-Милнер моделин типтештирүү, структуралык полиморфизм жана типтерди чыгаруу механизми; функционалдык тилдердин төмөнкү деңгээлде ишке ашыруу, үлгү менен салыштыруу;<br>Үйрөнүү:<br>Теоретикалык, компьютердик жана колдонмо<br>лингвистиканын маселелерин чечүүдө ар түрдүү<br>ыкмаларды колдонуу жана салыштыруу; өзүнүн<br>илимий адистигиде тилдик кубулуштарга өз<br>алдынча анализ жүргүзүү; жаңы маалыматтар технологиясын иштеп чыгууда, теоретикалык, компьютердик жана колдонмо лингвистикалык жетишкендиктерин колдонуу, усулдук колдонмолорду даярдоо жана негизги лингвистикалык окуу ыкмалары боюнча материалдарды даярдоо, илимий иштерди, тезистерди чет тилде окуу жана жаза билүү жана өзүнүн илимий макаласынын жана | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эмгектеринин аннотоциясын чет тилинде илимий конференцияларда талкуулоо, илимий дискурсстарга катышуу, өзүнүн предметтер чөйрөсүндө коллегаларын менен эркин оюн билдирүү, баарлашуу;<br>тексти автоматтык түрдө иштетүүдө морфологиялык жана синтаксистикалык маалыматтарды кабылдоо жана көрсөтүү;<br>маалыттартар издөө системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;<br>чечилүүчү маселелерди признактык белгилеринин жыйындысы түрүндө берүү, окуу системасын ишке ашыруу, окуу маселесин көзөмөлдөө жана уюштуруу, машиналык окуутуунун натыйжасын туура берүү,берилиштерди туура даярдоо жана чагылдырып берүү;<br>рекурсивдик функциялардын чыгаруу маселелерин декомпозициялоо, функциянын аткарылышын инкапсулоо , жогорку тартиптеги функцияны колдонуу, программаларда псевдочексиз маанисин колдонуу;<br>Көндүм:<br>Теоретикалык, компьютердик жана колдонмо лингвистика багытындагы, тексти автоматтык түрдө иштетүүдө заманбап технологияларды /дискурс актуалдык ыкмаларды билүү;<br>лингвистика дисциплина боюнча практикалык сабактарды жүргүзүү жана кесиптик тандоо боюнча иш алып баруу, оозеки жана жазуу түрүндө которо билүү ошондой эле теориялык жана компьютердик лингвистикалык илимий иштерди жүргүзүү, илимий текстерди чет тилинде жазуу, кесиптик байланышта оозеки баарлашуу жөндөмдүүлүгү; тексти автоматтык түрдө иштетүү системасын баалоодо берилиштердин жыйындысын | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | колдонуу: машиналык окуудагы берилиштерди даярдоо жөндөмдүүлүгү, кеңири тараган машиналык окутуу системасына, машиналык окутуу ыкмаларына сапаттык баа берүү ыкмасы; эки же үч функционалдык программалоо тилинде концептуалдык ар түрдүү маанидеги текстерди типке жана эсептөө тартибине келтирүү. | | | |
| | **Элективдүү бөлүмү(***билүү, үйрөнүү жана көндүм: жождун НББП менен аныкталат***)** | 30-40 | ***ЖОЖ аныктайт*** | |
| **Б.2** | Практика жана илимий изилдөө иштери<br>Илимий-өндүрүштүк практика<br>Педагогикалык практика<br>Илимий изилдөө практикасы | 20-40 | | |
| **Б. 3** | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-20 | | |
| | Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу | 120 | | |